УДК: 821:82-32

***Келдибекова Жибек Келдибековна***
*илимий кызматкер,*
*Ч.Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институту,*
*Кыргыз Республиканын улуттук илимдер академиясы*
***Келдибекова Жибек Келдибековна***
*научный сотрудник*
*Института языка и литературы*
*имени Ч.Айтматова*
*Национальной академии наук Кыргызской Республики*

***Keldibekova Zhibek Keldibekovna***
*researcher*
*Institute of language and literature*
*named Ch. Aitmatova*
*National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## Т.СЫДЫКБЕКОВДУН АҢГЕМЕЛЕРИНДЕГИ ПСИХОЛОГИЗМ

**Аннотация.** Макалада жазуучу Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгын жана 80-жылдары жазылган “Көк Серек”, “Кек”, ж.б. аңгемелерин идеялык, тематикалык жактан анализдөө. Андагы каармандардын ички-дүйнөсүн ачып берүүсүн, автордун турмуштагы психологиялык кырдаалдарды жогорку деңгээлде көрсөткөнүн талдоо. Т.Сыдыкбековдун аңгемелеринде козголгон негизги идея – адеп-ыйманга, адамдардын аң-сезиминин калыптанышына, таалим-тарбиялык мааниге барып такалат. Мына ушул спецификалык белгини көрсөтүү милдети каралды.

**Негизги сөздөр:** аңгеме, баатыр, жаратылыш, карышкыр, психология, идея, каарман, жазуучу.

## ПСИХОЛОГИЗМ В РАССКАЗАХ Т.СЫДЫКБЕКОВА

**Аннотация.** В статья посвящена творчеству писателя Т.Сыдыкбекова «Көк серек», «Кек» и др., написанные в 80-х гг. идейно-тематический анализ рассказов. Анализ раскрытия внутреннего мира героев, авторское изложение на высоком уровне, что прозаику особенно удалось раскрыть образы героев через призму обстоятельств и жизненных трудностей. Процессы их преодоления и извлечения уроков наиболее полно раскрывают внутренний мир и психологию персонажей, заставляя читателя сопереживать героям. Генеральная линия рассказов Т.Сыдыкбекова – морально-нравственные ценности, принятые в обществе, необходимость принятия непростых решений, вопросы становление личности главных действующих лиц.

**Ключевые слова:** рассказ, герой, природа, волк, психология, идея, персонаж, писатель.

## PSYCHOLOGISM IN THE STORIES OF T.SYDYKBEKOV

**Abstract.** The article is devoted to the work of the writer T. Sydykbekov “Kok Serek”, “Kek” and others, written in the 80s. ideological and thematic analysis of stories. An analysis of the disclosure of the inner world of the heroes, the author’s presentation at a high level, that the prose writer especially managed to reveal the images of the heroes through the prism of circumstances and life’s difficulties. The processes of overcoming them and learning lessons most fully reveal the inner world and psychology of the characters, forcing the reader to empathize with the characters. The general line of T. Sydykbekov’s stories is moral values accepted in society, the need to make difficult decisions, questions of the formation of the personality of the main characters.

**Key words:** story, hero, nature, wolf, psychology, idea, character, writer.

Асылды асыл гана ардактай алгандай, элибиздин байыртан берки асыл салттарын, кенчин астейдил сактап, чебер урунган адабиятыбыздын баштоочуларынын бири – Түгөлбай Сыдыкбеков өз өмүрүндө өтө өнүмдүү эмгек калтырды. Анын ар бир жараткан эмгегинде психологияга каныккан чебер ой жатат. Жазуучу Т.Сыдыкбеков замандын, мезгилдин койгон талаптарына өзүнүн жазуучулук вазыйпасын абийирдүүлүк, намыс менен аткарып, мезгил менен кадамдашып, ошол учурдун актуалдуу ойлорун камтуу менен кыргыз адабиятынын өсүшүнө ири салым кошкон калемгер катары таанымал.

Улуттук адабиятыбыздагы салмактуу чыгармалардан болгон “Тоо арасында” романы жергебизге совет бийлигинин келиши, калыптанышы, колхоз курулушун чагылдырган, “Биздин замандын кишилери” Улуу Ата Мекендик согуштагы оорук турмушу; элибиздин патриоттук духун даңазалаган; “Темир” романы – тап күрөшүнүн курчуп турган күндөрүн баяндаган. Ал эми «Тоо балдары» – мекен балдары, байыртан ата-бабасы кат тааныбагын тоо балдарына окуу-билимдин келиши ж.б. актуалдуу ойлор камтылган классикалык чыгармалар биз сөз кылчу Түгөлбай Сыдыкбековдун калемине таандык.

Адабияттын адамга тийгизген таасири, биринчи кезекте, анын тили менен байланыштуу экени белгилүү. Чыгармада сүрөттөлгөн каармандар, окуялар, ой-сезимдер, адамдын жан дүйнөсүнүн жашоосу, сүйгөн-күйгөнү окурманга чыгарманын тили аркылуу жетет. Мына ушуларды сүрөткер канчалык ажарын ачып сүрөттөсө, кырдаалга карата сөздүн эң ылайыктуусун таба алса, ал адамдын кайгысын же капасын, күйүтүн ж.б. психологиялык жагдайларын ошончолук терең ачып берет.

“Жазуучу – ошол өз мезгилиндеги адамдардын дүйнөсүн издей билген, алардын жакшы жана терс иштерин салмактап баалай билген көрөгөч жана бетке айтар калыс сүрөтчү. Ал турмушта болгон эчен албан окуяларды өз элегинен өткөрүп, замандын унутулгус элесин тартат. ...Баскан жолун, бүгүнкү өтөлгөн иштердин, алдыңкы милдеттердин адам баласына насаат-үлгү, сабак болор бардык асыл учуктарын улап чыгарма жаратуу – жазуучу үчүн эң башкы маселе”, – деп Т.Сыдыкбеков белгилегендей жазуучулардын чыгармадагы идеясынан, айтайын деген оюнан окурман тарбияланат. Каармандар менен кошо толгонуп, алардын психологиялык алабалынан таасирленген окурмандар жок эмес. Проза жанрындагы көлөмү чакан деп эсептелген аңгемелерден жазуучулардын тилдик чеберчилиги өзгөчө ачык көрүнөт. Кыргыз аңгемелеринин масштабы кенен, философиясы терең, психологизми күчтүү экенин Т.Сыдыкбековдун аңгемелеринен дагы бир ирет көрө алабыз.

Анын “Эки акын” (1939), “Кербез” (1939), “Пайдага чечилген чатак”,

“Ыйманбай пейили”, “Абысындар” (1949), “Тарбия”, “Экөө”, “Сагынбадымбы”, “Курбулар”, “Сыр ачуу”, “Достук” (1960), “Күтүү”, “Жеңишбек”, “Жол”, “Бороондо”, “Көк Серек” (1980), “Кек” (1980) ж.б. аңгемелери бар.

Аталган аңгемелер жазуучунун көлөмдүү чыгармаларга, эпикалык романдарга тынымсыз көргөн даярдыгындай салмактуу б.а. мазмундуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Биз окуган чакан аңгемелердин ар биринде күлкү да, кайгы да, өткөн жоокерчилик замандан биз жашап турган күндөгү урунттуу учурлар, кадимки мезгилдин сабагы, адамгерчиликтин ар кыл жагдайлары, психологиялык ырааттуулукта таасын сүрөттөлгөн.

Жазуучу Улуу Ата Мекендик согуш учурунда, кийинки жылдары да окурмандарга, жаңыдан өсүп келе жаткан өспүрүмдөрдүн психологиясына таасир этүүчү, бир нече татынакай ырларды, кызыктуу аңгемелерди жазды. Балдар темасына эмне себептен кайрылганы тууралуу жазуучунун минтип айтканы бар: “Баланын дүйнөсү мөлтүрөккө бай. Ал эртеңкиге кызыгуу, эркинче эргүү, умтулуусу жебедей зымырап турат. Чоңдор көбүнчө күнүмдүк тиричилик менен алек. Өз жаратылышында ошо балалык мөлтүрлүктү сактай алган киши оорго-жеңилге бирдей тике караган – оптимист. Баладагы асыл мөлтүрлүк кишиге та-залыкты, асылдыкты, эркти, демилгени күчөтүп, шыкты өнүктүрүп турат. Өз дүйнөсүнөн ошо балалык мөлтүрлүгү шыпкалган киши жүдөө тартып асан кайгы, болор болбоско күйүкчөөл, кейикчээл. Тек күнүмдүктүн кулу. Алдыңкы өз өмүрүнө от ичкелештире албас алсыз. Демек, балалык мөлтүрлүгү өчкөндө киши турмушка болгон кызыкчылыгын кемитерин, кайдыгерликке, жүр-нарылыкка берилерин байкадык. Бул – менин баамым, Ар бир кишинин өз баамы бул касиетти ошо өзү кабыл алуусу менен ченейт” [4]. Ырасында, балалык дүйнөдөн жашоо тепкичине кадам таштоодо алардын аң-сезими изденүүнүн, жаңылануунун, өзүн-өзү таануунун жолунда эмеспи. Айрыкча, жаш кездерде кулак уккан күчтүү сөз, көз көргөн таасирдүү окуя өмүр бою адам эсинде калат. Ал жаман нерсе – адамды чоочутат, жийиркентет, жалтак, коркок кылып коёт. Ал жакшы нерсе – адамды чыйралтат, кызыктырат, адамга жакшы таасирин тийгизип, ошого таасирлентет. Бул жагдайда алардын психологиялык алабалына караңгыдан жарык тапкандай элес жараткан жазуучунун аңгемелери экени бышык.

Т.Сыдыкбековдун “Абысындар” (1949) аңгемелер жыйнагына топтолгон чыгармалары элдин фашисттик баскынчыларга каршы күрөштөгү биримдиги, патриотизми, кайратман эмгеги чагылдырылган. Изи сууй элек окуялардын негизинде жазылган бул чыгармалардын мазмуну өтө жөнөкөй. Мисалы, “Эл оозунда” наамындагы чакан чыгармада ар түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн согуш тууралуу сүйлөшкөн сөздөрү берилип, алардын баскынчыларга болгон кыжырдануусу сүрөттөлөт. Ал эми “Пайдага чечилген чатак” аңгемеси эки каармандын диалогу түрүндө курулган. Алардын ортосундагы “чатак” терең каршылыктан келип чыккан эмес, тек гана бир максатты көздөгөн адамдардын ортосундагы жөнөкөй эле өз ара түшүнбөстүк орун алган.

Жыйнактагы “Замбирекчилер”, “Тарбия”, “Экөө”, “Ала-Тоодон алтоо”, “Сагынбадымбы”, “Бороондо”, “Кайрат” ж.б. согуш темасындагы аңгемелерде жалпысынан майдандагы турмуш көрсөтүлөт. Т.Сыдыкбековдун бул жылдары жарыкка чыккан аңгемелери, баштагы чыгармачылыгына салыштырмалуу кыйла өзгөчөрөөк. Мурунку аңгемелеринде автор фольклордун күчтүү таасиринде болгон. Уйкалышкан макал-лакаптарды, каармандарына айттырып, алардын элесин сүрөттөө басымдуу болсо, согуш жылдарынан кийинки аңгемелеринде жаңы ыкмалар орун алган. Окуянын берилиши, диалог, сүйлөм түзүлүшү, тили,

каармандардын кебетелери мыйзамдуу өлчөмгө өтө баштаган. Мындай көрүнүш жазуучунун чыгармасына кеңири бурулуш жасай алган жок. Каармандын ички дүнүйөсүн кеңири таануу, психологиялык алабалы, окуяны кандай болсо дал өзүндөй сүрөттөө анын чыгармачылык стилиндеги бирден-бир көрүнүш.

Аңгеме жанрынын өнүгүү тенденциясы 1950-1970-жылдары композициялык-структуралык жактан татаал процессте, өндүрүш чөйрөсүнөн адамдын жан дүйнөсүнө өтүп, олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, ошого жараша көркөм психологизм маселеси тереңдеди.

Аңгеме жанры боюнча актуалдуу талкуулардын биринде сынчы К.Матиев: "30-50-жылдардагы биздин адабиятта жаратылыш күчтөрүн адамга багындыруу, жаратылышка үстөмдүк кылуу пафосу өкүм сүрсө, 70-80-жылдагы жазуучулар табиятка өтө аярлык менен мамиле кылууну алдыңкы планга коюп олтурушат" [1], – деген пикирди ырастаган. Мындан улам адам менен табияттын мыйзам ченемдүү закондору, адамдын жана жаныбарлардын өзүнө таандык психологиясы камтылган Т.Сыдыкбековдун "Көк серек" (1980) аңгемесин айтууга болот. Экология маселеси, биринчи иретте, жаратылыш мыйзамдарын, анын "жан дүйнөсүн" түшүнүүдөн башталат. Т.Сыдыкбековдун аңгемесинде карышкырдын ички монологу берилип, алар кудум адам баласындай ой жүгүртүшөт, түш көрүшөт, кыялданышат. Психологиялык жактан адам баласына жакындашуусу менен чакан чыгарма кызыгууну арттырат.

"Ау-у, атаңар Көк серек барында, тетигил Ак-Чокунун туурасындагы Кыр-Жондо аябай баш тоголотчубуз... Эми антип баш тоголотуу азайып баратыр, балдарым..." – деп көк канчык кыңылдап, чекир сымак кызгылт көздөрү канталап, өзү абдан эле аянычтуу кейипте жонун үрпөйтүп, куйругун чатына кыпчып калды" [6; 58-б], – деген сүйлөмдөр менен "Көк серек" аңгемеси башталат. Алар алтоо: эне бөрү – Көк канчык, бөлтүрүктөрү – Балпагай, Мантагай, Мулугуй, Сербегей, Кынжыгый. Булардын алдында бир гана көйгөйү бар – эптеп жан багыш, кара курсакты тойгузуп, душманы болгон кишиден сак жүрүш. Мына ошол жалгыз көйгөйү үчүн зулумдукту үйрөнгөн, табиятынан кекчил, аяр, кара күчтүн, өжөрлүктүн ээси катары калыптанган. Ошентип топ бөрү – дөбөтү Көк сереги киши колдуу болуп өлүп, анын балдары жаш бөлтүрүктөр менен ууга чыгышты. Алардын жортуулу бирөөлөр үчүн өлүм болсо, өздөрү үчүн кара курсактын муктаждыгы эле. Курч, коркпос, көзү канталаган Көк канчыктын оюнда: "Мергенчинин огу тийбесе, капканы чаппаса, буларым көк жон бөрү болушат. Ыгы келсе, бир короо койду удургутуп тиш салып, жондуусун тамактап, куйругу менен камчылап жетелеп кеткидей этем. Ыгы келсе, тайлак басып жегидей тартынбас өстүрөм. Ал тургай кыр-жондон жалгызжарым кишиси жолукса, андан качпастан ошо кишисине тиш салгыдай болушса э бу бөлтүрүктөрүм..." [6; 64-б]. Жаныбарлар мына ушундай табият мыйзамы менен курч мүнөздөрүн бири-биринен көрүп, өздөрүнө сиңирип алышат. Адамзаттын жашоосуна салыштырып караганда, балдарын атасыз баккан жалгыз бой энени элестетсек болот. Алар дагы балдарынын эртерээк жетилип, адам болуусун самаган өңдүү карышкыр да бөлтүрүктөрүнө мындай насаат кылат: "Деги өзүңөр ылдамыраак торолбосоңор маа кыйын болуп баратыр. Азыркы кезде бизге жем табыш татаалдап кетти. Башта, кишилер бизди союлу менен коркутчу. Союл жетпес жерде биз аман болчубуз. Эми аларында мылтык дегени бар. Ал аркы кырдан "паң" эткенде, беркы кырдагы бизге огу "чуп" тийет". ...Оңбогон кишилер бизди эч аяшпайт" [6; 65-б]. Аталган сүйлөмдөрдөн карышкырлыктын да өз жашоо ыңгайы, жаратылыштык өзгөчөлүгүнө жараша "өз тирлиги", "өз философиясы" бар экендигин көрөбүз. Кийин ошентип, бөлтүрүктөр атасы жок жүрүп жетилип, торолуп, акыры

чыныгы карышкыр болуп чыга келишти, энесине жардамчы болушту, кийин көкжалдыгын көрсөтүп, төөлөргө тийишти. Алардын кардын жарып, кийин бир короо койду канжалатып, айтор алардын адамдар менен болгон кармашы активдүү өнүктү. Анткени, Көксерек адамдар тарабынан өлтүрүлгөндүктөн энесинен алган тарбиядан улам алар өчүн ушинтип алышты. “Т.Сыдыкбековдун катаал реализми дал ушул жерде өнүгөт. Ал жыйынтыктарга жана жалпылоолорго ашыкпайт, конфликтини тездетпейт, сюжеттик коллизия жай өнүгөт, акыры келип ушундай болмок. Мында автор жаңы бурулушту, мурда даярдап келген сюжеттик сызыктын өнүгүшүнө жаңы контрастты киргизет” [9]. Эми күрөштүн экинчи этабы башталат. Ушундан кийин Көк канчыктын тукумун жоюш үчүн тыякбыяктын мергенчилери жыйналышты. Эчен бир көзгө атарлар, уу уулап адис болгон мыкты капканчылар из кубалашты. Аңгемедеги окуяларда “жашоо – бул күрөш” деген турмуштук тастыктаманын өтө бир курч көрүнүшү чагылдырылат. Албетте, бул жолу адам айлакерлик кылды, Көк канчык оң колун капканга чаптырды. Ошондон кийин чала жан болуп калды. “Өз билегин өзү бат эле кемирип, өз сөөгүн өзү “карс-карс” эттире чайнап салып, билегин капкандан бошотуп алды да... сөөгүнүн какшаганына чыдай албай мурдун жыйырды. Бир жолу “кыңˮ этти. Билегинен төмөн балпайган таманы капканда калды. Анан ал чолок колун чолтоң эттире сыңар аяктап, өз тобун коркунучтуу жолдон аман алып кетти” [6; 71-б]. Бул жерде адам айлакерлигине карышкыр тукуму өзүнүн көкжалдык эрдигин каршы коюдан башка чарасы жок.

Ошентип, энеси жарым жан болгондон кийин: “Өз-өз күнүңөрдү көргүлө”. Кеткиле, тарап. Азыр кишилер бизди аябас ташбоор болушту. Сактангыла!” – деп, жем талашып жей албаган жоошу – Кынжыгыйын башка балдарына талап жеп салуусун насаат кылат. Тигилер багып өстүргөн энесин карап да койбой, илмейген бир тууганын жеп алышып, туш келди тарап кетишти. Көк канчык журтта калган иттей болуп алсыз бир нерселерди мүлжүп калды, анан кокусунан бир мергенчиге туш болуп калды. Карышкырда баягыдай ал-күч жок, ал мылтыктын “тарс” этип жаңырышын күтүп калды. Мылтык атылмак да, Көк канчык жалп этип, “Көк серек” аңгемеси соңуна чыкмак... Жок, биз күткөндөй финалга автор барбады. Ал башкача чечимге келип: А-ай кургур... сыңар аяк болуп өзү да куруп зыянсыз болуптур. Күнүн көрө берсин, – деп атына камчы басты.

Кишинин бул боорукердигине акылы жете бербей Көк канчык үлдүрөп, көздөрүн тунартып, киши кеткен жакты тиктеп туруп... анан уктап бараткансып боорун жерге төшөп, козголбой жатып калды...

Адам менен жаныбардын бири-биринен айырмалануучу белгиси – анын акылы эмеспи. Аңгеменин кульминациялык бөлүгүндө карышкырга теңелбей коюусу менен адамдын акыл-эси бардыгынан бийик турары, амалкөйлүгү ж.б. артыкчылык мүнөздөрдү көрө алабыз. Жазуучу карышкырлардын турмушун сүрөттөөдө ар дайым майда нерсени көрө билип, деталь менен иштейт. Баса белгилесек, алардын жүргөн жерин, алар жойлогон мезгилди мыкты деңгээлде сүрөттөйт.

Мейли айбанды, мейли адамды, жер, суунун көрүнүшүн, айтор, кандай окуяны албасын, турмуштагы чындыктын негизинде автор аны туура көрүп, туура таанышка милдеттүү. “Адамдын сырткы кебетесин, анын кыймыл-аракетин, адатын, ой-санаасын, кулк-мүнөзүн, ички дүйнөсүнө чейин туура байкап, туура билиш кандай керек болсо, өскөн жериндеги жаратылышты, жан-жаныбарлардын тиричилигин, алардын ар бирине таандык өзгөчөлүктөрдү байкап биле жүрүш жазуучу үчүн абдан керектүү [4]. Бул темага үндөш Т.Касымбековдун “Көк жал”, К.Баялиновдун “Ажар” аңгемелери бар.

Ал эми “Кек” (1980) аңгемесинин сюжетине кайрылсак. Антташкан эки дос Нурбай менен Райымбек бири-бирине көлөкө түшүрүп, бири-биринин ишеничинен кетип ыркы бузулду. “Нурбай көрүнөө ууру атанып, өз уруусу менен айып тартып, Райымбек көмүскө ууру атанып, өзү болжогондой журт бийлеген бийликтеги уулдун аркасы менен айып тартпай “ак” калды. Ушундан кийин эки баатырдын ортосунда түпсүз зындан пайда болду. [8; 12-б]. Мындан кийинки деталдар психологиялык чырмалууда болуп, Нурбайдын мүнөзү кектүү, ызалуу сүрөттөлөт. Ал эми Райымбек нарктуу, зобололуу. Ошентсе да ал Нурбайды көз алдына келтирип аны айыптабастан, чочулап, сактанат. Нурбайдын көктүгү, кекчилдиги бекемдиги таш боордугу Райымбектин көңүлүнөн кетпеди. “Капырай бул жаман белги болду го. Ал көкжалдын сөлөкөтү көз алдымда туруп алганы жакшы эмес. Күндүз эсинде, түндө түшүндө Нурбайдын кекенгени мен экемин го... Кекенсе кекенер да иш болду”, – деп Райымбек сурданып, тынчы кетет. Ал мурункудай достугун унуткусу келгени менен унута албайт. Аны бузган өзү. Ал үчүн Райымбек өзүн айтыптайт. Ошол замат атына минип, Нурбай баатырдан кечирим сурагысы келет. Бирок журтка кадырман, абройлуу адам болгондуктан ага да чыдабайт. Бир күнү анын эң кенже уулу Болоткан жоголду. Күндө тизесине ойноп олтурчу периштеси жоголгондон кийин күйүт эмне экенин бир күндө сезди. Алардын барбаган жери калбады. Ушундан кийин Райымбек күйүттөн эрте карыды. Бир күнү боз үйгө Нурбайдын кишилери менен үйүнө бир жаш жигит да келди. Ал Нурбайдын кенжеси Жанчар экен. Аны, – Сен баягы менин жоголгон уулум менен жашташ экенсиң го, келчи, балам, бетиңен өөп коёюн деп, оң бетин аткый чайнады. Ошол замат окуянын жөнүн түшүнгөн Жанчар ооруган жерине тиштене чыдап: “Мейли чайнаса чайнасынчы ызалуу арстан. Мунун мени менен жашташ чүрпөсүн атам уурдап кетип, баласы жок бир кишиге саттым дебедим беле. Өчү кансынчы, кургурдун...” [8; 16-б], –деп мелтиреди. Жанындагылар Райымбектин сөөк колунан Жанчарды ажыратышты. Деле бир заманда чыпалак алышкан үзөңгүлөшү Нурбайдан гана эмес, ушул оомалуу-төкмөлүү дүнүйөдөн кеги кайткандай, илеби билинбей, көзү ирмелбей жарык дүнүйө менен коштошту.

Жазуучунун “Көк серек” аңгемесинде да карышкырдын өлгөнү менен бүтсө “Кек” аңгемесинде да Нурбайдын көз жумушу менен бүтөт. Автор чыгармаларында каармандарын бардык психологиялык кырдаалдарды аңдап-түшүнгөндө, көзү жеткенде б.а “эми жаным жай алды” дегендей ситуацияга алып келип, аңгемелерин соңуна чыгарат. Чыгармаларынын ар биринин өңүтүсү, куду ар бир адамдын өңү-түсү, кыялжоругу, ой-санаасы, максат-милдети бир сыяктуу каармандардын ар биринин өзүнө жараша милдети, максаты, мүдөөсү болуп, окуянын жүрүшүндө, керек болсо, чыңалуу учурунда да ал мүнөздөрүнөн кайтпайт. Биз Т.Сыдыкбековдун аңгемелеринен ушул өзгөчөлүктү байкай алдык.

Чебер жазуучу Жылкычы Жапиевдин “Айыл баяны” (1987) жыйнагындагы “Аманат”, “Эски тегирмен”, “Ыйман” сыяктуу аңгемелеринде адамзаттык маанилүү түшүнүктөр көркөм таасирдүүлүктө чагылганы менен “Кек” аңгемеси Т.Сыдыкбековдун ушундай аталыштагы (Т.Сыдыкбеков. Ала-Тоо. – 1985. – №11) чыгармасына сюжеттик жактан окшош. Балким андан таасирлентип жазгандыр. Мындай окшоштук О.Айтымбетовдун (“Жымжырт шаар”) М.Мамазаированын (“Балдар жалгыз калганда”) аңгемелеринен учурайт.

Т.Сыдыкбеков жаратылышынан салмактуу адам экенин замандаштары эскерип өткөндөй, чыгармаларынын баары тең салмактуу. Тигил же бул окуяны чагылдырууда ыгы жок эмоцияга эч алдырбай, теманы жайбаракат ачат. Аябай төгүлүп жазууну талап кылуучу сүйүү

сезимин жазганда да, артыкбаш көбүртүп-жабыртпайт. Өзүнө таандык токтоолук менен, эмоциясын чегинен ашырбай зарыл учурда гана тизгиндеп берет.

“Айтор, биз жаштарды тек бапестеп эркелетүүдөн алыс туруп, айтарыбыз: биз, улуулар, артыкча «камчысы кайраттуу» айрым сынчыларыбыз, тигил же бул жаштын айрым чыгармаларына сын айтууда, ал жаштын тигил же бул аңгемесин окуурубузда кабакты чытый алдын ала ызырынбастан, пейилди кең сала олтуруп ак ниеттик менен чыгарманын ийгилигин жана мүчүлүшүн тең салмактай баамдасак. Ошол эле авторго койгон таламды баарыдан мурда өзүбүзгө коюп, автор, баяндап жаткан турмушту өзүбүз таасын таанып, көрүп-биле олтуруп, анан, ак сөз баштап, туура ой-пикир айтышсак, атаганат, биздин күрдөөлдүү өсүп жаткан жаш өнүмдөргө кандай жардам кылган болор элек!” – [5] деп туура баамдагандай эле жазуучу өтө байкагыч, турмушту көп изилдеген жазуучу. Ал көркөм чеберчиликтин үлгүсүн, жаңы бийиктигин көрсөттү. Майда окуяларды, бейнелерди жалпылап жогорку чындыкты жаратты. Жаңы адамдардын жашоо-тиричилигин, кулк-мүнөзүн, ой-санааларын, алардын логикалык өсүшүн даана билгендигин көрсөтө алды. Элибиздеги жакшы менен катар айрым кемчиликти алып жүргөн мүнөздөрдү, психологиялык кырдаалдарды таасын ачып берди.

Залкар жазуучунун элинин социалдык-нравалык маанайынын таза сакталышын дайыма көзөмөлдөп жүргөн атуулдук жайы бар. Жаш жеткинчектердин тарбияланышы, мектептерде тилибиздин, тарыхыбыздын окутулуш сапаты, тарых илимибиздин акыйкаттыктан тайбай өсүшү, тил казынабыздын бөксөрбөстүгү – ушул өңдүү чоң маселелер Т.Сыдыкбековдун оюна бекем орногон күндөлүк түйшүгү экени сезилет. Биз Т. Сыдыкбековдун жазуучулук кудурети, чыгармачылык психологиясы, табигый ой-кыялынын күчтүүлүгүн жана эмгекчилдигин баса белгилегибиз келет.

**Адабияттар**


1. Аңгеме тууралуу талкуулар //Ала-Тоо. – 1986. – №3. – 136-б.
2. *Сыдыкбеков Т.* Достук: Аңгемелер. – Ф.: Кыргыз окуу педмамбас,1960. – 114-б.
3. *Сыдыкбеков Т.* Жеңишбек: Аңгемелер. – Ф.: Мектеп, 1979. – 96 б.
4. *Сыдыкбеков Т.* Эң кичинекейлер, эң керектүүлөр // Кызыл Кыргызстан. – 1954. – 12-октябрь.
5. *Сыдыкбеков Т.* Чоң адабияттын өнүмдөрү // Ленинчил жаш. – 1968. – 24-декабрь.
6. *Сыдыкбеков Т.* Кайнар булак: Уламыштар, аңгемелер, чакан повесттер. – Ф.: Мектеп, 1980. – 480 б.
7. *Сыдыкбеков Т.* Мезгил сабактары: Публицистикалар жана адабий макалалар. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 50-б.
8. *Сыдыкбеков Т.* Кек // Ала-Тоо. – 1985. – №11. – 9-15-б.
9. *Муратов А.* Карышкырлар адабиятка келгенде // Кыргызстан маданияты. – 1990. – 31-май.